КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ТҮП РАЙОНУНУН
МАМЛЕКЕТТИК
АДМИНИСТРАЦИЯСЫ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ТЮПСКАЯ РАЙОННАЯ
ГОСУДАРСТВЕННАЯ
АДМИНИСТРАЦИЯ

# ТЕСКЕМЕ

**2024-жылды 14 марты № 58** **Түп айылы**

## Түп райондук мамлекеттик администрациясынын аппаратынын Кыргыз Республикасынын Президентинин жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Төрагасынын коомдук кабылдамасына кайрылган жарандарды кабыл алуу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын 2007-жылдын 4-майындагы “Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө” №67 Мыйзамынын талаптарын сактоо жана аткаруу максатында, Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын 2024-жылдын 6-мартындагы №27-2022 тапшырмасын аткаруу максатында:

1. Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 11-октябрындагы ”Коомдук кабылдамалар жөнүндө” ПТ №197 тескемесинин негизинде Кыргыз Республикасынын Президентинин Ысык-Көл облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн 2022-жылдын 18-октябрындагы № 443 тескемесине ылайык жана Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын №27-2022 “Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7-беренесин жетекчиликке алуу менен жарандардын кайрылууларына ыкчам чара көрүп, калк менен өз ара байланышты жакшыртуу тапшырмасы аткарууга алынсын.
2. Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын 2024-жылдын 6-мартындагы № 27-2022 тапшырмасын аткаруу максатында Түп райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-акимдин, орун басарларынын жана аппарат жетекчисинин жарандарды кабыл алуулары милдеттүү түрдө коомдук кабылдамада жүргүзүлсүн.
3. Түп райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-акимдин, орун басарларынын жана аппарат жетекчисиинин жарандардын жеке маселеси менен кабыл алуу графиги 1-чи тиркемеге ылайык бекитилсин.
4. Райондук “Каркыра” газетасынын редактору, М. Жумакадыров:
- райондун аймагынан массалык-маалымат каражаттарына кайрылган жарандардын кайрылууларын көзөмөлгө алып, талдоо жүргүзүү менен раймамадминистрациянын аппарат жетекчисине маалымат берип турсун;
-жарандардын кабыл алуу графиги, райондук мамлекеттик администрациясынын ишеним телефону (03945) 2-43-85, tyuprma@mail.ru электрондук почта аркылуу жарандар кайрылууга мүмкүнчүлүгү бар

экендиги боюнча жалпыга маалымдоо каражаттарына мезгил-мезгили менен жарыялап туруу жагы милдеттендирилсин.

5.Айыл аймак башчылары:

- жарандарды кабыл алуу күндөрү боюнча графигин бекитип, ишеним телефондорун тактап, массалык-маалымат каражаттарына жарыялашсын.

6.Ушул тескеменин аткарылышына көзөмөл жүргүзүү жагы раймамадминистрациянын аппарат жетекчиси Р.И. Кусеинова жүктөлсүн.

**Башчы-аким** **К. Адиев**

*Жиберилди: айыл аймактарга-5,"Каркыра" газетасына-1, Р.Кусеиновага-1*

Бекитем
Түп райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-аким
____________К.М. Адиев
"14" 03 2024-жыл.

**Түп райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-акимдин, башчынын орун басарларынын жана аппарат жетекчинин жарандарды жеке кабыл алуу күндөрүнүн графиги**

| № | Аты, ата-теги | Ээлеген кызматы | Кабыл алуу күнү | Кабыл алуу убактысы |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Адиев Каныбек Маматбекович | Башчы-аким | Шаршемби | Саат 9:00-15:00 чейин |
| 2 | Сарымсаков Руслан Догдурбекович | Башчынын биринчи орун басары | Бейшемби | Саат 9:00-15:00 чейин |
| 3 | Дюшобаева Эрмекан Асанакуновна | Башчынын орун басары | Шейшемби | Саат 9:00-15:00 чейин |
| 4 | Кусеинова Роза Искендеровна | Аппарат жетекчи | Жума | Саат 9:00-15:00 чейин |

**Аппарат жетекчи** **Р. Кусеинова**